**ШАМШИДИН кызы ЖАЗГҮЛ**

# ТАҢКЫ ШҮҮДҮРҮМ

Ырлар

Ош 2012

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
Ш 20

Шамшидин кызы Жазгүл
Таңкы шүүдүрүм ырлар.-Ош: 2012.-32 б.

ISBN 978-9967-26-739-8

Бул жыйнак адабияттын тар кечүү, тайгак жолуна сапар алган Шамшидин кызы Жазгүлдүн туңгуч ыр жыйнагы.

Жыйнакка жаштык жалын, студенттик курактагы таттуу учурлар, алдыдагы зор тилек-максаттар камтылган. Андыктан жыйнак көпчүлөктүн көңүл арзуусуна ээ болот деген тилектебиз.

Ш 47023200200-12 УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
ISBN 978-9967-26-739-8
© Шамшидин кызы Жазгүл, 2012

# ЖАШ АКЫНГА АК ЖОЛ!

«Таңкы шүүдүрүм» аттуу бул жыйнак, Республикалык чыгармачылык жаштар бирикмесинин Баткен областык бөлүмүнө келип, андагы чыгармачылык жамааттын талкуусуна түшкөндөн баштап, бир кыйла сөздөр айтылды.

Жаш калемгер Шамшидин кызы Жазгүлдүн тырмак алды жыйнагы экендигине карабай, бүгүнкү күндүн коңгуроосуна өз үнүн кошууга карата аракет жасаганы чындап эле колдой турган иш.

Жазгүлдүн чыгармачылыкка болгон аракети, анын жазган ырларынан даана байкалат. Анын төмөндөгү эки сабынан эле көп нерседен үмүт кылууга болот деп айтсам аша чапкандык болбос.

**Күдөрүңдү үзбө эми кызыңдан,**
**Алыкулдай жашайт, дүйнө-ыр кезип**-десе, дагы бир ырында:

**Алтындан курап ыр сабын,**
**Элиме белек кыламын**-дейт. Жаш акындын тилеги кабыл болуп, Кыргыз элине берер белегинен үмүт кылып туралы.

Жазгүл тилегине жет. Кыргыз элинин чыгаан акын кыздарынын катарын кемитпей, ошолордун катарында бол. Кыргыз адабиятынын мейкин талаасынан өз чыйырыңды таап, кеменгерлердин көчүн улай бер.

Ак жол сага жаш акын, сени ийгилик коштосун.

***Сабыралы АБДУКАРИМОВ,***
***Кыргызстан жазуучулар бирлигинин мүчөсү, акын-жазуучу. Республикалык «Нурборбор» чыгармачылык жаштар бирикмесинин Баткен областык бөлүмүнүн коомдук башталыштагы төрагасы.***

## БАШЫҢДЫ КӨТӨР

Башыңды көтөр,
карап көр
өнүккөн нечен өлкөнү.
Жеңилип, жеңип
чыңалып
алдыга чыкты өңгөнү.
Чекте тур,
четке качпастан
ченемсиз бакыт келбестир,
Ала-Тоо турса
ак карлуу,
Эр Манас сындуу эркектер
чет элге
«ме»-деп бербестир.

Башканын
башы баш болуп,
Башы бош болсо кыргыздын.
Ала-Тоо, арча, мөл булак,
Каякта калат
Чыңгызың?
Саякбай, Мамай,
Сагынбай,
Мыктысы кайда муунуңдун?
Атагы кеткен алыска,
Чыкпайбы аты уулуңдун?

Жок, күчтүү бол СЕН,
Мойнуңда оор жүк бар.
Мен аялмын
А бирок намысым бар.
Кыргыздын келечеги
Сен жана мен.
Ишенгин, алга карай

Кадам таштап бир басалы.
Өркүндөп өссө турган,
Кыргызым бар,
Кыздары бар!
Жеңишке, ийгиликке
Жете турган
үмүт да, ишеним бар.
Тур ордуңдан,
Башты көтөр!
Алдыга кадам ташта,
Биз бүтүрчү
Зор иштер бар.
Тур  ордуңдан!

## ЖАШАЙМ ЭМИ

Атакебай мен мурункү жаш эмес,
Ал шоктугум жаштыгымдан бир элес.
Өттү далай айлар, жылдар арадан,
Сагынсам да ал күндөрүм эч келбес.

Тентек кызың тегеренип ойноочу,
Жол боюнда дале турат ал терек.
Айылымдан алыс жүрөм өзүңдөн,
Ар бир сөзүң көкүрөктөн чыга элек.

Сагынычтан жазып минтип ырымды,
Арнап ата олтурамын түн безип.
Күдөрүңдү үзбө эми кызыңдан,
Алыкулдай жашайт, дүйнө-ыр кезип.

## КЕЧИККЕН ЖАЗ

Сагындырып ушул жаз,
Зарыктырды кечигип.
Сууда сүзбөй өрдөк каз,
Кыш ызгаары сезилип.

Былтыр жазды же бирөө,
Капа кылган көрүнөт.
Күттүрбөстөн келчи тез,
Күткөн жандар өтө көп.

Байчечекей кызгалдак,
Тоо гүлдөрүн сагындым.
Жолуң карап эрте-кеч,
Жолоочуга кабылдым.

Жолоочудан сурасам,
Жообун айтты мындай деп.
«-Жолугасың жазга да,
Жазгын ырды болсун кеп.»

Ошол күндөн күбүрөп,
Жазып келем ырымды.
Жаз келгенде аянбай,
Төгүп берем  сырымды.

## АЙ НУРУНА ЧАГЫЛЫП АЙЫЛ ТАҢЫ

Шамал согуп дарактар бийлеп жатты,
Сансыз сезим санаага ойго батты.
Сенин демиң сезилип шамалдан да,
Кулагымдын түбүнөн келип жатты

Туйлап турду жүрөгүм кулум болуп,
Тагдырыма бир келген бурум болуп.
Төбөдөгү ай калкып карап турду,
Айыл жактан чыккан от бугум болуп.

Көкөлөдү кол кезген закым туруп,
Ак кайыңга жөлөндүк бакыт тунуп.
Ай нуруна чагылып айыл таңы,
Асыл нурду баратты шамал кууп.

## ЖАЗДЫН ЖЫТТЫ

Жаз да келди,
Жаздын жытты башкача.
Гүл ачылып элдин пейли  таптаза.
Жаздын таңы-
Жыл айланды,
Элим кайра кубанды.

Булбул сайрап шактагы,
Бүчүр ачты бак дагы.
Ала-Тоодон нур чачып,
Ажайып жаңы таң атты.

Эх,жаз жытты,
Көксөп күткөм өзүңдү.
Көп күттүрүп келдиң го сен,
Сагындым мен өзүңдү.

## САГЫНУУ

Олтурамын күздүн салкын күнүндө,
Ойлор учат айыл көздөй сүйүнө.
Сагынычтан сыртты толкуп карасам,
Сапырылган булут келди түрүлө.

Сагынычты ичке катып жашыруун,
Сездим чыны айылымдын кадырын.
Бак-дарагы сырдаш болуп өзүмө,
Билдиргендей булут айтат акырын.

## КАЛДЫНЫҢЫЗБЫ?

Сүйдүрүп, кайрылбастан бастыңызбы?
Сезимди сездире албай тандыңызбы?
Жашоонун тартуулаган бал каймагын,
Татта албай аттиң кылып калдыңызбы?

## КИМДЕН ТАБАМ?

Сезимди  талкалаган,
Сен болдуң жаным агам.
Сүйдүрүп койгонуңду,
Сыр кылып кантип катам?

Жан дүйнөм талкаланып,
Жүрөгүм ооруп барат.
Дартыма дабаа болоор,
Даарысын кимден табам?

## ЭЛИМЕ БЕЛЕК

Жүрөктө жалын бар кезде,
Жүгүрүп мээнет кыламын.
Өткөрбөй бекер өмүрдү,
Элиме болсун кылганым.

Башканын күтпөй жардамын,
Белимди бекем байладым.
Баштаган ишим бүтсө деп,
Жанымды курман кыламын.

Женил да эмес жез эмес,
Түйшүгүн өзүм тартамын.
Алтындан курап ыр сабын,
Элиме белек кыламын.

## КУРБУЛАРЫМ

Бүгүн кайра эске алып өткөндү,
Биз ойногон гүлзар менен көктөмдү.
Балалыкка кайта албасты билсем да,
Эстеп турдум эң бактылуу күндөрдү.

Достошкон таарынычтар башка эле,
Ал күндөр балалыктын шаңы эле.
Чогулуп ойноочубуз жашынмакты,
Ошол дөбө өзгөрбөптүр дагын деле.

Жан досторум жаш кездеги эң ыйык,
Айткылачы окуяны мен билген.
Жолугууга келгилечи кечикпей,
Жакшы сөздү арнашалы чын дилден.

## ТҮШКӨ КИРДИҢ

Бүгүн дагы түшкө кирдиң жан ага,
Кабак бүркөө карап турдуң сен мага.
Алыс жактан бир көрүнүп элесиң,
Басып кеттиң кайрылбастан жай гана.

Атыңды атап, колум булгап чакырып,
Сагынчымды жазгым келди шашылып.
Мына-мына чакырам деп акырын,
Чакыра албай кала бердим батынып.

Бул эмнеси кабак бүркөө карадың,
Кыйналамын себебин да таппадым.
Бүгүн дагы түшкө кирчи а бирок,
Кабак түйбөй күлүп турсун карааның.

## СЕЗСЕҢЧИ

Тагдырым тартуу эткен,
Таалайым өзүң белең.
Өмүрүм өтсө экен,
Түбөлүк сени менен.

Жашоодо жалгыздатпай,
Ар убак бирге болчу,
Жолукчу тоскоолдукта,
Тирөөчүм өзүң болчу.
Тагдырга ыраазымын,
Өзүңдү жолуктурган.
Бир болбой калсак эгер ,
Бул мага эң чоң арман.

Сен келчүү жолду карап,
Күн сайын күтө берем.

Сезимим сендиктигин,
Сезсеңчи жаным эркем.

## АЛДАДЫҢ

Бүгүн неге кабак бүркөйт айлана,
Мага жакпайт булут болсо асманда.
Маанайым жок күттүм бирок келбедиң,
Айтчы деги мага деген гүл кайда?

Кучак толо гүлдөр тартуу этем деп,
Мага берген кайда эми убада?
Келбес болсоң неге мени алдадың,
Неге мени кылдың мынча убара.

## ЭМНЕ КЫМБАТ?

Эх жаштык,жаштык,
Канча ирет жаңылыштык.
Таттырчы бал даамыңан,
Дагы бир жарым кашык.

Жалының алоолонуп,
Күн сайын жалындаган,
Баркыңды билбегендер,
Ал үчүн эң чоң арман.

Өзүңдөн достук таптым,
Өзгөлөр буза алгыс.
Жашоодо ар кырдаалда,
Ал мага жолдош калыс.

Досторум жанда дайым,
Күч-кубат берип турат.

Өмүрдө мындан артык,
Айткыла эмне кымбат?

## СТУДЕНТТИК КҮНДӨРҮМ

Бактылуумун студент болгонума,
Көптү көрүп аң сезим ойгонууда.
Ата-энемдин үмүтүн актасам деп.
Жетким келет үмүт, тилек ойлоруma.

Бул күндөрдө дос таптым, курбу таптым,
Ысык-суук күндөрдө ойго баттым.
Студенттик күндөрүм өтүп жатат,
Тагдыр салган татаал жол биллем жакын..

## ОН СЕГИЗ ЖАШ

Он сегиз жаш өмүрүмдүн гүл багы,
Көктөп турган дарагымдын бир шагы.
Эң бактылуу өткөрсөм дейм күнүмдү,
Көңүлдөргө калтырбастан кир тагы.

Он сегиз жаш тоодо өскөн кызгалдак,
Нечендери ага карап кызыгат.
Эң кызыктуу өткөрсөм деп ар күндү,
Максат коштоп өмүр барат кубалап.

## ТАҢКЫ ШҮҮДҮРҮМ

Таңда туруп таалайыма кубанып,
Тамчылаган шүүдүрүмгө жолуктум.
Тазалыктын, аруулуктун символу,
Сендей аппак болсо экен жоолугум.

Жазган ырым жаздын гүлүн эңсетип,
Шүүдүрүмдөй болсо экен чачылган.
Шашкан күндөн таппай тагдыр күйүттөп,
Таңды күтүп талса экен чагылган.

Таңкы тамчы көктөмдөгү шүүдүрүм,
Көңүлдөрдүн ыргагында бийлесин.
Балалыктын алтын доорун ырдаган,
Көкүрөгүм  кайгы-муңду билбесин.

## БААРЫ МЕНМИН

Күн нурлары саамайыңдан сыласа-
Мен деп билгин.
Сыдырым жел ак жүзүңдөн аймаласа-
Гүлүм дегин.

Ай шооласы жаркып турса асманда,
Билгин жаным ал менмин.
Кусалыктан жылдыз учса жаныңан,
Аны да мен деп билгин..

Жамгыр жаап кийимиңен өткөндө,
Ал менин сагынычым сага болгон.
Чартылдаса чагылган жарык берип,
Ал менин сага деген ысык демим.

## СЕЗБЕДИҢ

Карегиме түшүп сенин карааның,
Алып кирди түпкүрүнө санаанын.
Ошондогу бир көз ирмеп карашың,
Бөлүп салды бүт баарысын санаамдын.

Ошол күнү неге мага жолуктуң,
Бир жылмайып жан дүйнөмдү ооруттуң.
Ошо кезде тапсаң болмок ардагым,
Сен дарысын бул айыккыс жаранын.

Сага арналган мындай кезди башкадан,
Таба албассың аттиң эми жан агам.
Келчи жаным, чогуу бирге басалы,
Деп айтууга батына албай бараткам.

## БЕЛГИСИЗ

Жашоонун кереметтүү кайыгында,
Калаксыз түшүп алган канча жан бар?
Байлыгы ашып турган убагында,
Бой көтөргөн кайыкчыдан сакта кудай.

Эмгегин, баркың болсун элиң үчүн,
Из калтыр колдон келсе муун үчүн.
Бүгүн барбыз эртеңибиз белгисиз,
Карачы, улуу Алла ыйык күчүн.

## СҮЙДҮМ СЕНИ

Сүйдүм сени,
Сезчи эми.
Көп кыйнаба жанымды.

Кантип айтам-
Сүйөмүн деп.
Кыздык намыс кыйнады.

Эгер билсең,
Жүрөк менен,
Сезчи мени асылым.

Сүйүп сени,
Айтамын деп.
Айта албадым ачыгын.

Ак баракты,
Сыя кылып.
Ыр жазамын сага деп.

Же айта албай,
Же бере албай,
Жүрөк чиркин эзилет.

Кыйнабачы!
Ыйлатпачы!
Көп кыйнаба жанымды.

Күтөм сени,
Бир болсок деп,
Жүрөк сени самады.

## АЛДАГАН БЕЛЕҢ?

Ардагым десем,
Айтпаган элең.
Калдым мен жалгыз,
Арманым менен.
Жаным сен десем,
Жалганым белең.
Жүрөктөн сүйбөй,
Алдаган белең?

Алтыным десем,
Адашкан белеем?
Сени деп жүрүп,
Акылдан кеткем.

Бир сени сүйүп,
Алоолоп күйдүм.
Сен деген жандын,
Үмүттүн үздүң.

## ӨЗҮҢӨ

Кусалыктан түн уйкум кача берет,
Сени ойлоп ой түбүнө бата берет.
Кою түндү жамынып жылдыз санайм,
Себеби алар сенден кабар берет.

Сүйдүм сени,сүйө берем тирүүмдө,
Бапестейм да сактайм жүрөк төрүндө.
Өзүң ачып кулпу салып койгон соң,
Жүрөгүмдү ыроолойм да өзүңө.

## АК ЖАМГЫР

Мен жашоодо ак көрдүм, кара көрдүм,
Акыл сыйгыс адамдан арам көрдүм.
Бул жашоодо байлык жолун жандап алып,
Жыргалынан азабы көп жандар көрдүм.

Мен жашоодо жакшы көрдүм, жаман көрдүм,
Чыдай албай ыйга баткан көздү көрдүм.
Шуру сымал тамган ар бир көз жаштан,
Жүзүм жууп, тазарса деп мөгдөдүм.

Ыйлабачы көздөрүм ыйлабагын,
Ташбоор тагдыр жан дүйнөмдү кыйнабагын.
Түшүнүксүз ташбоор жолу тагдырдын,
Өз жолунда келе берет акырын.

Колдо барга жашоо кызык көрүнөт,
Терезеден аппак жамгыр себелейт.
Тазартып ар бир жандын жан дүйнөсүн,
Жаачы жамгыр мындан дагы көбүрөөк.

Ак жамгыр токтобой себеле,
Жаз жыттын кучактап эркеле.
Кайгысыз жан өтүп жашоодо,
Баарысы жыргасын  өмүрдө.

## СИЗ

Сизди сүйдүм башкалардан башкача,
Жүрөгүмдүн эч кири жок таптаза.
Алмаштыргыс алтын сезим сизге арнап,
Алыс жүрөм сизден азыр бир канча.

Сезбейсиз да сезимимди тепчийсиз,
Сиз деп соккон жүрөгүмдү билбейсиз.
Күлүп аяр көрүшкөндө салам деп,
Мени кыйнап узап алыс жүрөсүз.

## КИМДИ ЭЭРЧИП

Кайдан келдим кимди ээрчип баратам,
Деги элдердей мен да нени жаратам.
Атам билбес европанын изин кууп
Киймин кийип,тилин сүйлөп баратам.

Терс, оӊдугун ойлонбостон жасаймын,
Кеч эмеспи, алды-артымды карайын.
Жарым ачык кийген беле кыргыздар,
Жаркып  турса көрсөтөм деп таалайын.

Билбей турам эмне мынча өзгөрдүм,
Өз салттыӊ, сен көрдүӊ беле өгөйүн.
Мындан ары ээрчибестен эч кимди,
Өз тилимде, өз киймимде жүрөмүн.

Европа улук болсун мейли алар,
Кыска болсун, узун болсун кийгени.
Ким канчалык сыйлаар экен мекенин,
Сыйлайм жалгыз өз киймин кийгенди,
Сыйлайм жалгыз эне тилин сүйгөндү!

## МЕЙЛИ КЕТКИН

Мейли кеткин жолуӊ тоспойм эми мен,
Мейли кеткин эрк өзүӊдө билемин.
Бирок билгин тапсаӊ дагы башкасын,
Боло албастыр сага мендей эми эч ким.

Өкүнөсүӊ билем,бирок кеч болот,
Өкүнөсүӊ анда сезим чок болот.
Кадыр билбес өз жаныӊды жемелеп,
Өкүнөсүӊ жүрөк сыздап от болот.

Сени сүйүп урмат менен сыйладым,
Сыйды билбес кылык менен кыйнадыӊ.
Кеткин мейли кайрыл дебейм кете бер,
Сүйүүӊ баты бирок өзүӊ батпадыӊ.

## КАЛТЫРЫП КЕТТИҢ

Сүйдүң да, мени сүйдүрдүң,
Жалындуу отко күйдүрдүң.
Кайрылбай кеттиң кайдадыр,
Өчүрүп шамын үмүттүн.

Тору жок калдым капаста,
Үнүмда чыкпайт бир азга.
Кыйкырсам жеткис алыска,
Кетипсиң жаным бир паста.
Күйдүрдүң жаным күйдүрдүң…

## СЕНДЕ КАЛДЫ

Керемет, коооздугун мен айталбасмын,
Көркөмүң ченемсиз да, кайталангыс.
Сапырылган чаңдуу шыбак талааларың,
Издерим сенде калды туулган айлым.

Суу кечип шаңдуу күлүп балалыкта,
Калыптыр алтын курак аралыкта.
Кыт куйган жаштык кезде ойноп-күлүп,
Издерим сенде калды туулган айылым.

Билим алып дүйнө таанып өзүңдөн,
Эшме айлы түнөк алдын көңүлдөн.
Бир кызыңмын кыялында жашаган,
Жипти өткөрүп берген ийне көзүнөн.

Сактагын өчүрбөстөн суранарым
Өзүңдөн алган изги өнөрүмдү.
Күн өтөр, айлар өтөр бирок билгин,
Ишенем ийгиликти көрөрүңдү.

## ӨЗҮҢСҮЗ

Өзүң жок бүркөк болуп турат аалам,
Таң атпай түн узарат капалансаң.
Күлкүнүн көркү ачылса көөдөндөрдө,
Таң менен сулуу болоор ушул аалам.

Бүгүн да бүркөк асман булут каптап,
Гүл ачпай,суусап турат гүлдөр чаңкап.
Өтүүдө кызыгы жок бул күндөрүм,
Жүрөмүн сага айтаар сырды сактап.

Келчи бүгүн күтөм сени ардагым,
Асман ачык күн жаркысын а дагын.
Кызгалдак гүл бүрүн ачып кызарган,
Кездешүүнүн көркү болсун чаң дагын.

## КҮЗДӨГҮ ОЙ

Айлана кызыл тазыл алтын өңдүү,
Күздүн бул кабары го жамгыр төгүү?
Дарактын жалбырагы жалгыз калды,
Ал менин үмүтүмбү күтүүдөгү?

Чаң баскан жалбыракты жууп жаңы,
Басылды жаап жаткан жамгыр дагы.
Күз көркү алаксытып көкүрөктү,
Күлмүңдөп акырындап бара жатты.

Күтүү менен сездим күздүн асылын,
Дүйнө көркү сенде тура ашыгым.
Бир өзүң жок дүйнөм турат суз тартып,
Кел жаныма коштошолу жаштыгым.

## ЭМНЕГЕ?

Бир-бирибиз сүйсөк да,
Жете албайбыз эмнеге?
Кайталангыс бакытты,
Кура албайбыз биз неге?

Кол кармашып гүл бакта,
Баса албайбыз эмнеге?
Сүйүү арнап жүрөктөн,
Жүрө албайбыз биз неге?

Ааламда көп суроолор,
Чече албайбыз эмнеге?
Анык болсо ак сүйүү,
Айталбайбыз эмнеге?

## ЫЗГААРЫ СОНУН

Себелеп жаап жатат ак кар мына,
Келгин досум кар ойнойбуз бир аз гана.
Кар киши жасап балким жол боюна,
Карматабыз сыйкыр таяк колдоруна.

Кар жааса бактылуумун кайрадан,
Дем-күч алам кыштын ызгаар суугунан.
Терезеге сүрөт тартып аяздан,
Аны карап рахат алат ар бир таӊ.

## ЖЫЛЫСА ЭКЕН

Жүрөктө баарын төгөйүн,
Жылмаюу менен окуп жүр.
Жараткан берген аз өмүр,
Билгеним жазып өтөйүн.

Колумда жалгыз калем сап,
Калтыраар мурас барагым.
Сыялап жазам төрт сап ыр,
Маанисин чагып карагын

Тамчылап жүрүп көз жашым,
Өтөөрмүн мен да дүйнөдөн.
Калтыраар изим мына ушул,
Ырымды алып окуп жүр.

Жатсамда суук жерде мен,
Из калса артта сүйүнөм.
Жып-жылуу жумшак ырымдан,
Жылыса экен үшүгөн.

## КҮТҮҮ

Эрте турдум сени жаным келет деп,
Үй жумушту колго алдым эрмектеп.
Кайра-кайра эске келип сөздөрүң,
Күттүм сени түш ооганда келет деп.

Даярдадым сен жактырчу тамакты,
Кооздоп койдум сен олтурчу тарапты.
Терезеден көрүнөөр деп карасам,
Эч бир жан жок, көңүл кайра суз тартты.

Ак шам болду.Кеч кирди түнөргөн,
Сактап турам сага деген тамакты.
Балким азыр гүлүн алып келээр деп,
Карай бердим сен келүүчү тарапты.

## КОШ БОЛ

Кош бол жаным мени эми сагынба,
Мени унут кайра артка кайрылба.
Бирок ишен өмүрүмдө биринчи,
Сени сүйүп,сага учкам талпына.

Бороонуна,суугуна карабай,
Баскан изди башкаларга кыя албай.
Умсунду да үмүт менен калды эми,
Ууз сүйүүм  сага деген ак кардай.

## УНУТ БААРЫН

Эске алба унут баарын өткөндү,
Бирге жүргөн гүл бак менен көктөмдү.
Унут баарын жолум тоспо суранам,
Арзуу,үмүт,аруу тилек өрттөндү.

Унут баарын бир ушуну суранам,
Көкүрөктү жаралаба кайрадан.
Унут эми калды күндөр арт күбүлгөн,
Мени ойлобо сенсиз деле жүрө алам.

## САМАП ТУРАМ

Жайнаган жамалыңыз,
Бул ирет көрө албадым.
Жашоодо тайкы жолдор,
Ар кимде болот жаным.

Каректе катып турган,
Сырыңыз биле албадым.
Жашырбай айтыңызчы,
Ойлонуп таба албадым.

Суранам капаланбаң,
Сагынып араң турам.
Жылмайган жүзүңүздү
Көрсөм деп самап турам.

## АПА

Алтын апам,
Апам кымбат баарынан.
Апам ыйык,
Апам менен шаңданам.
Апам менен дүйнө толук мен үчүн,
Апам менен гүлдөп турат айланам!

Апам ырыс,
Үйдүн куту биз үчүн.
Апам дөөлөт,
Төгүп турган мөмөсүн.
Түгөнгүс кенч апам байлык биз үчүн,
Апам менен түбөлүктүү үмүтүм.

## АТАЛАР

Жашообуздун тиреги бул аталар,
Биз үчүн дем ар бир берген батаңар.
Ар бир үйдө ак сакалын жайкалтып,
Насаат айтып аман болсун аталар.

Ар бир үйдүн пайдубалы өзүңөр,
Курч, маанилүү ар бир айткан сөзүңөр.
Бактыбызга аман болуп ар убак,
Капа тартпай күлүп турсун жүзүңөр

## ЭНЕ ТИЛИМ

Кыргыз тили кылымдарды каарыткан,
Ата-бабам сүйлөп келген тарыхтан.
Эне тилим кыргыз тилим ыйыгым,
Сен улуусуң, сен сулуусуң баарынан.

Жүрсөм дагы ар кай жерди аралап,
Өз тилимди сүйлөйм дайым асырып.
Өзгө тили канча сулуу болбосун,
Өз тилимди сүйө берем ардактап.

Чет тилдердин арасынан кокустан,
Эне тилин угуп калсам кубанам.
Ар бир сөзүң алтын таажы өңдөнөт,
Ыйык тутуп бийик көрөм баарынан.

## АЙЫЛЫМДЫН КЕЧТЕРИ

Эске түшүп айылымдын кечтери,
Эстеп күлдүм, кыздардын элем тентеги.
Көз жум десе, топ таш ойноп  кетчү элем,
Атакемдин караан болуп кетмени.

Айыл кечи өзгөчө шаӊ тартуулап,
Олтурчубуз оюн, күлкү, ыр курап.
Көл боюнда салкын шамал, таза аба,
Согуп турчу  коктулардан аркырап.

Айылымдын ал кечтерин сагындым,
Кетким келип кусалыка багындым.
«Айылыӊдын топурагы алтын» деп,
Айткан сөзү эске түшүп атамдын.

## БИЛЕСИӉБИ?

Сен менен баскым келди,
Жан сырды ачкым келди.
Жүрөктө кагып турган,
Сүйүүмдү айткым келди.

Жолугуп күндө сага,
Жолуӊдан чыккым келди.
Көздөрүӊ жоодураган,
Арбады билбейм мени.

Өзүӊө айтамын деп,
Сактаган сырларым көп,
Сүйүүмдү айткым келди,
Жүрөктү турган өрттөп.

## ЖОЛУГАЛЫ

Келишкен боюңуздан,
Кара каш жаным агам.
Канткенде ушул кечте,
Мен сизге жолуга алам.

Көрсөм деп күндө самап,
Жолуңду карай берем.
Көрбөстөн күнүм өтсө,
Көңүлсүз жатат денем.

## КУСАЛЫК

Жүрөктү эзип кусалык,
Жүрөмүн издеп тунарып.
Жүрөктөн чындап сүйбөсөң,
Айтпайт бир белең сөз алып,

Кыйнады менин жанымды,
Эзгилей берип кусалык.

## БАТКЕНИМ

Өрүкзарлуу Баткеним,
Менин алтын бешигим.
Алмаштыргыс башкага,
Касиеттүү Мекеним.

Абаң таза, тузуң таттуу.
Ала-Тооң  ак карлуу.
Канга сиңген касиет бар,
Ким жашаса бактылуу.

## УНУТАЛЫ

Болду эми көп кыйнаба жанынды,
Унуталы өткөндөрдүн баарысын.
Мүмкүн дагы жолугарбыз ким билет,
Биз табарбыз сүйүү дарттын дарысын.

Болду эми, мен да өзүмдү кыйнабайм,
Сиз да азап чекпеңизчи мени деп.
Буюрубаптыр бирге болуу биз үчүн,
Айла канча бекер эми баардык кеп.

Күндөн күнгө алыстоонун амалын,
Сиз да издеп, мен да издеп кыйналдык.
Тагдыр буйрук насип бизге кылбаптыр,
Махабаттын гүлүн терип жыйбадык.

## ОЙЛОН ДОСУМ

Ойлон досум келечекти,
Коломто оту өчө элек.
Ойлон досум кеч болбосун,
Кыйын күн башка түшө элек.

Өтсө дагын өмүр узап,
Эл эмгектен эскерсин.
Жакшы эмгек,ишиң калтыр,
Жаркын жашоо кезесиң.

## АК ТАҢ

Ар бир таңды күлүп тоскун ардагым,
деген сөзү дайым эсте атамдын.
Мен да айтарым күлүп турсун жүзүңөр,
Жакшылыкка болсун ар бир кадамың.

Тынч уйкунун койнунда,
Жакшы жатып тургула.
Эртең күндүн өзгөчө,
Касиетин унутпа.

Насип кылсын ак таңды,
Эрте менен туралы.
Алкыш айтып Аллага,
Колду-бетти жубалы.

## ТАБЫЛАТ

Адамдын аң-сезими,
Күн санап өсүп барат.
Техника чексиз өстү,
Ооруңду колдон алат.

Табылат рактын да,
Табигый дарылары.
Дарыгер аман болсун,
Дабалайт жаңыларды.

Табылат рактын да,
Буйруса өз дабасы.
Бул анык шыпаа болот,
Кыргыздын таза абасы.

## ЖАШ ТОЛКУН

Келечек биздин колдо,
Келгин дос, көп ойлонбо.
Эмитен оку, иште,
Турмушта жалкоо болбо.

Жакшылар ар убакта,
Айтышат уламасын.
Андыктан уккун талбай,
Арзуулук кулабасын.

Кел досум сен да кошул,
Жаштардын толкунуна.
Өлкөбүз өсүп барат,
Ааламдын колтугунда.

Кел досум, сен да мында,
Достордун сөзүн тыңда.
Бүгүндөн өз жашооңду,
Обонго салып ырда.

Жалындуу жаштык курак,
Мекен деп күйүп туру.
Замандын талабына,
Ылайык максат куруу.

МАЗМУНУ

Башыңды көтөр……………………………… 4
Жашайм эми……………………………… 5
Кечиккен жаз……………………………… 6
Ай нуруна чагылып айыл таңы………………… 6
Жаздын жытты……………………………… 7
Сагынуу…………………………………… 8
Калдыңызбы?............................................................ 8
Кимден табам?......................................................... 8
Элиме белек……………………………… 9
Курбуларым……………………………… 9

Түшкө кирдиң……………………………… 10
Сезсеңчи…………………………………… 10
Алдадың…………………………………… 11
Эмне кымбат?........................................................... 11
Студенттик күндөрүм………………………… 12
Он сегиз жаш………………………………... 12
Таңкы шүүдүрүм…………………………… 12
Баары менмин……………………………… 13
Сезбедиң…………………………………… 13
Белгисиз…………………………………… 14
Сүйдүм сени……………………………….. 14
Алдаган белең……………………………… 15
Өзүңө……………………………………… 16
Ак жамгыр………………………………… 16
Сиз……………………………………….. 17
Кимди ээрчип……………………………… 17
Мейли кеткин……………………………… 18
Калтырып кеттиң…………………………… 19
Сенде калды……………………………….. 19
Өзүңсүз……………………………………. 20
Күздөгү ой………………………………… 20
Эмнеге?...................................................................... 21
Ызгаары сонун……………………………… 21
Жылыса экен……………………………… 22

Күтүү........................................................................ 22
Кош бол…………………………………………… 23
Унут баарын………………………………………. 23
Самап турам………………………………………. 24
Апа…………………………………………………. 24
Аталар……………………………………………… 25
Эне тилим…………………………………………. 25
Айылымдын кечтери…………………………… 26
Билесиңби?.................................................................. 26
Жолугалы………………………………………… 27
Кусалык…………………………………………… 27
Баткеним………………………………………….. 27
Унуталы…………………………………………… 28
Ойлон досум……………………………………… 28
Ак таң……………………………………………… 29
Табылат……………………………………………. 29
Жаш толкун………………………………………. 30
Мазмуну…………………………………………… 31

Шамшидин кызы Жазгүл

**Таңкы шүүдүрүм**
*Ырлар*

Редактору: **Сабыралы Абдукаримов**
Тех. редактору: **Тургунбек кызы Самара**
Терип басууга даярдаган: **Улан Сабыралиев**
Корректору: **Ноорузгүл Садридин кызы**

**Китеп Шамшидин кызы Жазгүлдүн атасы,**
**Шамшидин Көчкөновдун каражатына чыгарылды.**

Терүүгө берилди 07.06. 12. Басууга 09.07.2012
Кагаздын форматы 84х60 $_{1/16}$ 2 басма табак
Буйрутма №48, Нускасы 321

Ош шаары, Курманжан датка көчөсү 236.